1519 "А"

Всего шесть тетрадей
№№ 1–6

Материал по восстанию 1916 г на территории Иссык-Кульской, Дж-Абадской, Талас, Ошской и Фрунз обл. Собрал Абакиров

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

№3.

Институт языка, литературы и истории
Рукописей
Ин № 1519 (3)
58 стр.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Имеется копия

Материал по восстанию 1916 г.
на территории Ошской обл.
собрал Сороноев Сарман.

Ош обл. боюнча.

27/XII-52-ж.-дан 27/I-53-ж.-га чейин.

Кыргыз ССРинин Тарихий материалын жыйнаган —

Кыргызстан М. университетинин (Тарих факультети) IV-курсунун студенти —

Сороноев. Сартан.

# 1916-ж. Кыргызстандагы көтөрүлүштүн эсине жакшы түшүп калган адамдардан жазылган маалуматтар.

1. Айтуучу Раимхаджаев Ташходжахаджа ~~Розахунов Ахмадхаджа~~ туулган жылы 1897-ж. Ош шаары. Томондогу суроолорго жооп берет:

## 1). Көтөрүлүштүн алдындагы эл массасынын абалы.

Азыркы Ош шаарынын айланасында эл массасы өтө оор турмушта жашаган. Кедей адамдар керем кеч пахта талаасында айласыз иштөөгө мажбур болгон. Эгерде иштештен баш тартса шаардан жасоолчу отряддарды алып жасалап турган эле. Мындай кембагал адамдар үй-бүлөсүн багууга дарманы келген эмес. Ошондуктан булар бай-манаптардан карыз- эгин, акча, мал алып, кийин төлөй албай шыбо-лукка жичинде иштеген адамдарго айланып турган.

Төмөнкү массалардын ал-абалы
өзгөчө 1-дүйнөлүк согуш убагында
өтө эле начарлады. Пахта, эгин-
дердин ж.б. бааларын арзандады.
Жумуш убактысы өтө узун болуп,
жана жеңе элек кыз-уулдар
пахта, эгин аянттарында ачкадан
солуп жайкандарын көрүүгө болот
эле. Эл массасы мындан
башка да түтүн налогу, суу
налогу, ойун налогу сыяктуу бол-
богон налог, чыгымдар менен
дагы эзип турган. Мына ушун-
дай кыйынчылыктарга чыдабай
көп адамдар башка жерлерге ка-
чып турган. Эгерде буларды кар-
маса, 1-2-жыл эмгегин бербей,
же жарымын гана берген. Эл
массасы өзгөчө падышанын аскер-
лери менен чиновниктерин жек
көргөн, себеби - кичине эле ча-
так ж.б. чыгарса ошол адамдар-
дын разынга шапалак менен ка-
салачу эле.